**КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫ**
**ЖАЛАЛ-АБАД ОБЛАСТЫ**
**СУЗАК РАЙОНУ**
**БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН**
**БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИ**

**КЫРГЫЗСКАЯ РЕСПУБЛИКА**
**ЖАЛАЛ-АБАДСКАЯ ОБЛАСТЬ**
**СУЗАКСКИЙ РАЙОН**
**БАГЫШСКИЙ АЙЫЛНЫЙ КЕНЕШ**
**БАГЫШСКОГО АЙЫЛНОГО АЙМАКА**

## БАГЫШ АЙЫЛ АЙМАГЫНЫН БАГЫШ АЙЫЛДЫК КЕҢЕШИНИН VIII ЧАКЫРЫЛЫШЫНЫН XIII СЕССИЯСЫ

## ТОКТОМ №2

**25-ноябрь 2025-жыл** **Октябрь айылы**

**Багыш айыл өкмөтүнүн Жыгач-Коргон айылындагы Жолдошева Салкынбү Карабаевнанын аты жок көчөсүнө ысымын ыйгаруу жөнүндө**

Кыргыз Республикасынын «Географиялык аталыштар жөнүндө” мыйзамынын 7-беренесине жана жобосуна ылайык, Багыш айыл өкмөтүнүн 2025-жылдын 15-октябрындагы №01-15/ 293 сандуу “Жыгач-Коргон айылындагы Кадиев жана Нарматов көчөлөрүнүн жанындагы аты жок көчөгө “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгисинин ээси, билим берүүнүн ардагери, маркум Жолдошева Салкынбү Карабаевнанын ысымын ыйгарып берүү жөнүндө” кайрылуусун жана Багыш айылдык кеңешинин Социалдык, коомдук жана эл аралык менен байланыш боюнча туруктуу комиссиясынын протоколдук чечимин угуп, талкуулап **Багыш айылдык кеңешинин VIII чакырылышынын XIII сессиясы токтом кылат:**

1. Багыш айыл өкмөтүнүн Жыгач-Коргон айылындагы Кадиев жана Нарматов көчөлөрүнүн жанындагы аты жок көчөгө “Билим берүүнүн мыктысы” төш белгисинин ээси, билим берүүнүн ардагери, маркум Жолдошева Салкынбү Карабаевнанын ысымы ыйгарылсын.
2. Токтомду аткаруу жагы Багыш айыл өкмөтүнүн башчысы Н.Түгөйбековго милдеттендирилсин.
3. Токтомдун аткарылышын көзөмөлдөөнү өзүмө калтырам.

4. Токтом Багыш айыл өкмөтүнүн расмий сайтында жарыялангандан жана юстиция органдарынан каттоодон өткөрүлгөндөн тартып өз күчүнө кирет.

**Төрага** **К.Кулмамбетов**